УДК: 811.214.22(575.2)(04)
DOI: 10.35254/bhu.2021.52.14

Джалилова Б.Т.
ЭМУ

ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК (ПАКИСТАНДЫК, ИНДИЯЛЫК) СТУДЕНТТЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН АЛФАВИТИН ҮЙРӨТҮҮНҮН УСУЛДАРЫ

МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЯ АЛФАВИТА КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА ИНОСТРАННЫМ СТУДЕНТАМ-МЕДИКАМ (ПАКИСТАН, ИНДИЯ)

METHODS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE ALPHABET TO FOREIGN MEDICAL STUDENTS (PAKISTAN, INDIA)

Аннотация: *Азыркы учурда Кыргызстанга келип, медициналык билим алууга кызыккан студенттердин көбүн Пакистан менен Индиялыктар түзөт. Тилдердин ар түрдүү тайпасына таандык болгон кыргыз тилин окуп-үйрөтүү бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Урду тили тилдердин индия тобуна, ал эми кыргыз тили түрк тилдеринин тобуна кирет. Студенттерге кыргыз тилинин алфавитин үйрөтүүдө алар түшүнгөн араб тилинен алынып, бизде да колдонулуп жүргөн сөздөрдү мисалга келтирсек, кыргыз тилди кабыл алуусу жана биздин тилге болгон кызыгуусу артат.*

Түйүндүү сөздөр: *алфавит, урду, араб, фарси, диалект, усул, тилдик компетенция, салыштырып окутуу, тилдин тарыхы, тилдердин тобу.*

Аннотация: *В настоящее время заметна тенденция увеличения количества иностранных студентов, которые хотят обучаться медицине в Кыргызстане. Это в основном жители Пакистана и Индии. Их обучение кыргызскому языку порождает определенные трудности, так как данные языки являются разносистемными (язык урду относится к индийской группе языков, кыргызский язык- к тюркской группе языков) индоевропейской семьи. В связи с этим, при изучении алфавита, мы предлагаем методику преподавания кыргызского языка в сравнении с родным языком студентов, находя в их языке схожие слова арабского происхождения.*

Ключевые слова: *алфавит, урду, араб, фарси, диалект, методика, языковая компетенция, сравнительное обучение, история языка, группа языка.*

Annotation: *Currently, there is a tendency to increase the number of foreign students who want to study medicine in Kyrgyzstan. These are mainly residents of Pakistan and India. Teaching the Kyrgyz language poses certain difficulties, as these languages are in different language groups (Urdu belongs to the Indian language group, Kyrgyz to the Turkic language group) of the Indo-European family. In this regard, when studying the alphabet, we offer teaching methods Kyrgyz language in comparison with the native language of students, finding in their language similar words of Arabic origin.*

Keywords: *Alphabet, Urdu, Arabic, Farsi, dialect, methodology, language competence, comparative training, history of language, group of language.*

"Эки баскычтуу Болон системасына өтүү менен бирге кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүгө карата болгон талаптар өзгөрдү. Жаңы муундагы окуу китептерин иштеп чыгуу азыркы учурдун талабына карата өзгөртүүгө муктаж экендигин мезгил көрсөттү. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча азыркы учурдагы колдонулуп жаткан окуу китептери орус тилдүү аудиторияга багытталган. Ошол эле учурда Кыргызстанга окуу жана иштөө үчүн көптөгөн чет өлкөлүктөр келип жатканын жана алардын саны

күндөн-күнгө өсүп жатканын эске алуу керек",-деп, педагогика илимдеринин доктору Сыдыкбаева Мира Медеркуловна өзүнүн макаласында баса белгилеп кеткендей, азыркы учурдун талабына ылайык, коомдогу өзгөрүүлөргө шайма-шай келип, азыркы талаптарга жооп бере турган усулдарды иштеп чыгууну бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси катары карасак болот. Кыргызстанга келип, билим алып жатышкан башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз тилин окутуп, үйрөтүү жана ал өлкөнүнүн каада-салтын, жаратылышын, маданиятын, тарыхын сыйлоого, ошол мамлекеттин тили болгон кыргыз тилин сүйүп үйрөнүүгө жетишүү – мамлекеттик маанидеги актуалдуу маселелерден болуп саналат. Бүгүнкү күндө кыргыз тилин чет өлкөлүк студенттерге окутуунун эң негизги максаты - кыргыз алфавитин үйрөтүү, оозеки кебин калыптандыруу, аларды кыргыз тилинде баарлашууга жетиштирүү, радио-телеберүүлөрдөгү айрым кыска маалыматтарды өз алдынча түшүнүүгө, гезит-журналдарды аз-аздан окуй алууга, түшүнүүгө, сабаттуу жазууга, туура окууга үйрөтүү. Чет өлкөлүк студенттерди сабаттуу жазууга үйрөтүү – бул бир кыйла оор жана татаал иш. Себеби биздин кыргыз тилинин тилдик өзгөчөлүктөрүн жакшылап угуу, туура айта билүү да сабаттуу жазууга өбөлгө болот. **К, г, ж** тыбыштарын колдонуудагы айырмачылыктар, кыска жана созулма үндүүлөрдү жазууда биринчи туура угуу, туура айтууга көнүгүү зарыл.

Башка тилди, чет тилди үйрөнүш үчүн, сүйлөш үчүн белгилүү бир сөздөрдүн кору (запасы) жана минимум грамматикалык билим талап кылынат. Анан да түшүнбөй туруп даяр тексттерди кыйнап жаттатуу менен эмес, аң-сезимдүү түрдө түшүнүп үйрөнүү менен ийгиликке жетишет, - деген ойду айткан Н.М. Шанский. [5, 75-77-б.] Негизгиси тилди үйрөнүүдө курулай жаттатуудан качып, аң-сезимдүү үйрөнүүгө жетишүү зарыл. Аң-сезимдүү түрдө кабыл алынган маалыматтар узак убакыттар бою унутулбайт. Ошондуктан окутуучу көбүнчө угуп-түшүнүүгө студентти көндүрүшү керек,- деп баса белгилеген окумуштуу М.М.Сыдыкбаева өзүнүн эмгегинде. [3. 25-б.]

Кыргыз тилин чет өлкөлүк студенттерге үйрөтүүдө дүйнөлүк тилдерди окутуу методикасына таянуу зарыл. Бул боюнча орус окумуштуулары жана чет өлкөлүк окумуштуулар изилдеп, канча жылдык иш тажрыйба топтошкон.

Тил үйрөтүүдө эң негизгиси методика туура тандалышы жөн. Туура тандалбай калган учурларда жасалган аракет натыйжасын бербей калышы ыктымал. Тилди экинчи тил катары окутууда үч метод белгиленип жүрөт:

1) котормо (салыштыруу) методу,
2) табигый (ортомчу тилсиз) методу,
3) аралаш методу.

Мына ушул методдордун ичинен мен өзүм окутуп жаткан студенттериме кыргыз тилин үйрөтүүдө табигый, ортомчусуз методду кабыл алып, жайылтууну туура көрдүм. Себеби, медицина багыты боюнча билим алууга келген студенттердин басымдуу көпчүлүгү Индия менен Пакистандан келип жатышат. Аларга кыргыз тилин үйрөтүүдө өзүнчө спецификалык өзгөчөлүктөр бар экендигин байкадым.

1. Негизинен студенттердин көпчүлүгү мусулмандар болуп эсептелет жана эне тилин колдонуп жазганда араб тамгалары менен оңдон солду карай жазышат.

2. Бул студенттердин англис тилинде да көп өзгөчөлүктөрү бар. Буга мисал катары Индиядагы хинглиш тилинин келип чыкканын карап көрсөк болот.

3. Студенттердин кээ бири Индиядан, кээ бири Пакистандан келгени менен, алардын эне тилдери дээрлик бирдей эле - негизинен урду тили болуп саналат. Буга мисал катары бул тилдердин тарыхына кайрылсак болот.

Индиянын ар кайсы тарабында дагы деле ар түрдүү тилдер көп. Айта кетсек, жаңы тилдер да бар. М: хинди тили менен англис тилинин кошулганынан хинглиш тили пайда болгон, ал эми урду тили менен хинди тилдеринин кошулуусунан хиндустани тили пайда болгон.

Пакистандан келген студенттер менен Индиядан келген студенттердин тил өзгөчөлүктөрү дээрлик окшош экендиги тууралуу тарыхый маалыматтарды чогулттук. Демек, алардын биздин кыргыз тилин кабыл алуусу бирдей экендигине ынандык. Мындай окшоштуктардан улам окутууда, тагыраагында тил үйрөтүүдө мурдатан пайдаланылып келген методдордун ичинен салыштырма методду жана орток тилсиз үйрөтүү методдорун жайылтууну туура деп кабыл алдым.

Пакистандын мамлекеттик тили болгон урду тили, ошондой эле пенжаби, синди, кашмир тилдери Индияда официалдуу тилдер катары саналат экен, демек, бул жерде жогорудагы тилдерди алып жүрүүчүлөр менен тыгыз, терең байланыш бар экендигине күбө болдук. Урду-азыркы Индиянын жаңы индиялык тилдеринин ичинен бирден- бир эң керектүү тилдеринин бири. Түндүк Индиянын дээрлик баары, Деканда жана түштүк Индияда (150млн.дон ашык) ушул тилде сүйлөшөт. Урду деген сөздүн мааниси орусча "орда", кыргызча "ордо" деген мааниде. Мусулмандардын бийлигинин жайылышынан улам урду тили сооданын, аскердин жана административдик тил катары бүткүл Индияга тарап, жана анын (lingua franca) тили болуп калган. Бул тилди кээде хиндустани тили да деп коюшат. Өзүнүн адабий өнүгүүсүнүн башында [XIII—XVI] ушул өлкөнү басып алган Декандын мусулмандары урду тилинде сүйлөшкөн. XVII кылымда бул тил бара-бара адабий фарси тилинде гана сүйлөгөн Түндүк Индиянын мусулмандарына тарап кетти.

Фарси тили менен хинди тилдеринен кайчылашып келип чыккандыктан, адабий урду тили өзүнчө эң жогорку оригиналдуу кубулуш катары эсептелинет. Бул тилдерди алып жүрүүчүлөрдүн баары мусулман болгондуктан жана ошондой эле араб алфавитин колдонгондугуна караганда, биздин Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздар менен тилдик окшоштуктары бар экендигин байкасак болот. Себеби, кыргыздар деле араб тилин 1917-жылга чейин колдонуп келишкен. Бирок, араб тилинен кирген сөздөр көбүнчөсү азыр деле Кыргызстандын түштүгүндө негедир басымдуулук кылат. Бул маселени изилдөөгө дагы кайрылабыз.

Демек, Пакистан менен Индиядан келген студенттерге кыргыз тилин үйрөтүүдө кыргыз алфавитинен баштап окшош сөздөрдү колдонсок, алардын кабыл

алуусу бат болот жана тилдик компетенциясынын өнүгүүсүнө жакшы шарт түзүлөт.

Сабактын жүрүшүндө кыргыз тилинин алфавитин өтүүдө кыргыз алфавитинин тарыхына токтолушубуз керек. Бул жердеги эң негизги белгилеп кетчү нерсе, эки тил тең араб алфавитин колдонгонуна күбө болобуз.Демек, араб тилинен кирген сөздөр бул эки тилде тең бардыгына ынанабыз.

XIX кылымдын башынан тарта 1930-жылга чейин кыргыздар араб алфавитин колдонуп келишкен. Кытай Эл Республикасынын көбүнчөсү кыргыздар жашаган Синьцзян-Уйгур автономдук районунда кыргыз тили үчүн араб жазуусун (фарси тилинин версиясында) азыркы учурда да колдонушат.

ب	پ	ت	ج	چ	د	ر
ز	س	ش	غ	ق	ک	گ
ڴ	ل	م	ن	و	ۋ	ه
ى	ي					

1930-жылдан баштап 1941-жылга чейин Кыргызстанда 31 тамгадан турган латын алфавитин колдонушкан:

A a	B в	C c	Ç ç	D d	E e	F f
G g	Ƣ ƣ	H h	I i	J j	K k	L l
M m	N n	Ꞑ ꞑ	O o	Ө ө	P p	Q q
R r	S s	Ş ş	T t	U u	V v	X x
Y y	Z z	Ь ь				

Кириллица алфавити колдонуу үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиуму тарабынан 1941-жылдын 12-сентябрында бекитилген.

Кыргыз тилинде окуу тамгалары жана жазуу тамгалары бар.

Окуу тамгаларын биз көрөбүз жана окуйбуз. Ал эми жазуу тамгалары менен жазабыз.

Бул сабакта студенттерге жазуу тамгаларын сөзсүз көрсөтөбүз жана ар биринин атын атап айтып беребиз. Ошондой эле окуу тамгасы менен жазуу тамгасы жанаша жазылган көрсөтмө курал, же болбосо слайдды көрсөтүп, айтып беребиз.

Андан кийин алфавиттин ар бир тамгасы катышкан сөздөрдү мисал катары көрсөтүп, андагы ар кайсы позициядагы тамгалардын айтылыш өзгөчөлүктөрү менен тааныштырабыз.

Мисалы:

- Аа-асман, анар, айнек, Айгүл, алмурут (нашвант) - sky, pomegranate, glass, pear
- Бб-баш кийим (топу), баш, байке - headdress, head, brother
- Вв-виза, ваза - visa, vase
- Гг-гүл, гүлдесте,гөш (эт) - flower, bouquet,meat
- Дд-дарбыз, дос, дарак, дубал, дептер - atermelon, friend, tree, wall, copybook
- Ее-бет, беш - face, five
- Ёё-коён - rabbit
- Жж-жигар (боор), жүрөк - liver, heart

Жогоруда биз мисал келтирген сөздөрдүн көбү урду тилинен алынды. Окуу процессинде кыргыз сөздөрүнө окшош урду тилинин сөздөрүн таап жатабыз.

Бул сөздөр негизинен Кыргызстандын түштүк диалектисинде көп кездешет.

Мисалы:

اسمان асман

“Асман” деген сөздү урду тилинде да “*асман*” деп аташат жана маанисин асман катары түшүнүшөт;

Бул слайд менен иштөөдө *анар, айнек* –деген сөздөр урду тилинде да ушул маанини түшүндүрөт. Айгүл, Айнагүл деген кыздардын аттары да аларда бар. Ал эми алмурутту түштүктө *нашвант* деп коюшат. Бул алмуруттун жумшак, эрте быша турган түрү. Урду тилинде алмурутту *нашпати* –деп айтышат. Бул деле фонетикалык жактан алмуруттун атынын эсте калуусуна шарт түзөт.

Баш кийимди *топу* деп айтышат. Бул сөз бизде бар. Ал эми байкени урду тилинде “*баай*”-деп айтышат. Кыргызстандын Сокулук, Ак-Суу райондорунда байкени “бай”, “байым” “бапайым”деп айтышат. *Гүл, гүлдесте, дарбыз, дарак, дос, дептер* –деген сөздөр урду тилинде бар. Этти түштүктө *гөш* –деп айтышат. Бул араб сөзүнөн калган сөз экендигине ынандык. Алар “*гөшт*”-деп айтышат.

Гүлдаста деген кыздын аты түштүктө көп кездешет. Даракты “*драак*”-деп айтышат.Дарбызды “*тарвыз*” , дептерди “*дафтар*”, дубалды “*дувал*”, досту “*дост*”– деп айтышат. Бул сөздөрдүн баары түштүктө так ушинтип айтылат.

Ж тамгасы менен тааныштырганда “*жигар*” деген сөздү колдонсок болот, себеби бул адамдын ички органынын бири-боор болуп эсептелет. Бул сөз түштүктө кеңири колдонулат. Жакындарын жоготкондо түндүк кыргыздар “бир боорум” деп өкүрүшөт. Ал эми түштүктө (анын ичинен Баткен облусунда) “жигарим” деп өкүрүшөт. Бул өтмө маанисинде. Студенттер да бул сөздү адамдын ички органы –боор катары түшүнүшөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн мисал катары келтирилген сөздөр Баткен облусунун Кадамжай районунун диалектиси боюнча берилип жатат. Түштүктө деп айтылган менен өзүңүздөр билгендей кыргыз тилинде ар кандай диалектикалык өзгөчөлүктөр бар экендигин жакшы билесиздер. Бул сөздөрдүн көпчүлүгү ичкилик кыргыздарда кездешет. Бул тема өзүнчө изилдөөгө шарт түзөт.

Алфавитти өткөндө фонетикага да көңүл бөлөбүз. Үндүүлөр жана үнсүздөр менен тааныштырууда чоң кыйынчылыкты ёттошкон тамгалар түзөт. Кыргыз тилинин классификациясында 8 үндүү тамга көрсөтүлөт. Бирок сөздү муунга болгөндө кыйынчылык туулат. Мисалы : жогорудагы “коён” деген сөздү муунга бөлгөндө ко-ён болуп 2 муундан турганы анык угулуп турат. Ошол себептен студенттер ёттошкон тамгаларды үндүү катары көрүшөт.Ошол себептен кыргыз тилинде 12 үндүү тамга бар-деп түшүндүрсөк туура эле болот го-деп ойлойбуз. Себеби сабакты татаалдаштырбай, канчалык жөнөкөйлөтсөк, студенттердин эске тутуусуна ыңгайлуу шарт түзүлөт.

Зз-зейтун майы - zeytun oil

Ии-ит, иш - dog, work

Йй-ийне, ай, Айт майрамы - needle, moon, holiday Eid

Кк-калем, китеп - pencil,book

Лл-лампа - lamp

Мм-мака (жүгөрү), мурч, мектеп - corn, pepper, school

Нн-нан, намаз - bread, prayer

ң-өң, күрөң - color, brown

Оо-ооз, он - mouth, ten

Өө-көз, төө - eye, camel

Бул тамгалар менен тааныштырууда студенттер зейтун майын, Айт майрамын билишет, *калем, китеп, мака (жүгөрү), мурч, мектеп, нан, намаз* - бул сөздөрдү түшүнүшөт. Болгону гана фонетикалык өзгөчөлүктөр бар.Мисалы:"*калам*"," *китаб*", "*мирч*"," *мактаб*"- деп айтылат.

Пп-парда, пияз, панжара (тор) паана (тосмо) - curtain, onion, cage, protection

Рр-рахмат - thank you

Сс-сыналгы - television

Тт-тоту куш, таалим-тарбия, тажрыйба, тагдыр, такта - parrot, education, experience, destiny,board

Уу-учак, устат - airplan, teacher

Үү-үн (аваз), үч - voise, three

Фф-фонарь - lamp

Хх-халат - bathroob

Цц-цирк - circus

Чч-чач, чоң - hair, large

Шш-шекер, шалгам - sugar, turnip

Щщ-борщ - soup borsch

ъ-подъезд - porch

Ыы-ыр - song

ь-июль - July

Ээ-эки,элүү - two, fifty

Юю-июнь - June

Яя- уя - nest

Жогорудагы тамгалар менен тааныштырууда студенттер түшүнгөн сөздөр-*парда, паана, панжара, пияз, тоту куш, такта, таалим-тарбия, тажрыйба, тагдыр, устат, үн (аваз), шалгам.*

Жыйынтыктоо: Мына ушундай жол менен алфавитти үйрөтүүдө студенттерге биздин тилдерде тарыхый окшоштуктар бар экендигин белгилеп көргөзсөк, студенттердин кыргыз тилин кабыл алуусу батыраак болот жана ошондой эле алар да биз менен кошо окшоштуктарды издей баштайт. Бул усул менен иштөөдө студенттин кыргыз тилине болгон кызыгуусу артат, ошондой эле тилдик компетенциясынын өнүгүүсүнө жакшы шарттар түзүлөт.

Адабияттар

1. Белокреницкий В.Я., Москаленко В.Н.История Пакистана.XX век.-М.:Крафт, 2008.

2. Баранников А.П.Хиндустани (урду и хинди). -Ленинградский восточный институт, 1934. с. 4-7.

3. Сыдыкбаева М.М./Кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун лингводидактикалык негиздери/ Монография. -Б., 2016, 238 б.

4. Сыдыкбаева М.М., Джалилова Б.Т., Абдыбекова Н.А. Кыргыз тили/Медицина адистиктеринде билим алып жатышкан чет өлкөлүк студенттер үчүн окуу куралы. -Б., 2019, 227 б.

5. Шанский Н.М., Резниченко И.Л., Кудрявцева Т.С. и др. Что значить знать языки владеть ими. - Л., 1969. 240 б.

Рецензент: п. и. д. М. Сыдыкбаева